“БЕКИТЕМИН”
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, профессор К.Г.Кожобеков
_______________
“____”__________ 2024-ж.

# Илимий изилдөөлөрдүн, илимий-техникалык иштердин натыйжаларын, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларын киргизүү актысы

1. **Иштелменин автору:** Мамашарип кызы Багдагүл
2. **Илимий изилдөөлөрдүн, илимий-техникалык иштердин натыйжаларын, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердүүлүктүн натыйжаларынын аталышы:** 12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылгант “Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укуктун конституциялык-укуктук негиздери” аттуу темадагы диссертациялык жумуш.
3. **Кыскача аннотация:** Үй-бүлө коомдун негизин түзүп, коомдук институт болгону менен, ал жалаң гана коомдук жөнгө салуу механизмдери аркылуу эмес, мамлекет тарабынан санкцияланган укуктук механизмдер менен да жөнгө салынууга тийиш. Себеби үй-бүлө мүчөлөрү жана жалпы үй-бүлөлүк мамилелердин катышуучулары конкреттүү адамдар (жарандар, жарандыгы жок адамдар, чет элдик жарандар), андан барып – укуктук субъекттер, алар үй-бүлөлүк мамилелерде өз ара жана мамлекет менен укуктук байланышта болот, өздөрүнүн жеке же жалпы укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашырууда мамлекет, анын органдары жана кызмат адамдары менен мамиледе болушат. Албетте, бул мамилелер укуктук жөнгө салынууга жатат. Азыркы учурга чейин үй-бүлөлүк мамилелердин конституциялык-укуктук принциптеринин атайын диссертациялык иш катары илимий эмгек жазыла элек. Ошондой эле, диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында ата мекендик конситуциялык-укуктук илиминде бир катар

жаңы илимий-теориялык позицияларды чагылдырган теориялык жоболор менен практикалык сунуштамалар иштелип чыккан. Атап айтканда, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салуудагы конституциялык принциптердин мааниси жана орду аныкталды, үй-бүлөлүк укуктук мамилелерди жөнгө салуудагы жеке кызыкчылыктар менен коомдук кызыкчылыктардын айкалышы мүнөздөлдү, үй-бүлө - коомдун негизи", "үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат" конституциялык принциптеринин маани-маңызы ачылып көрсөтүлдү, үй-бүлөлүк мамилелерди жөнгө салууну жакшыртуунун жолдорунун бири катары нике келишиминин мазмунун кеңейтүү кароо сунушталган, үй-бүлөнүн бакубаттуулугун бекемдөө максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 19-беренесин жаңы 4-бөлүк менен толуктоо сунушталган, үй-бүлөлүк укукта моралдык зыяндын ордун толтуруу институтун колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү керектиги көрсөтүлгөн, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодексинин 15-беренесинде белгиленген никеге турууга тоскоолдук болуучу жагдайлардын тизмесинин толуктоо керектиги далилденип, автордук сунуштама берилген.

4. **Кийирүүнүн жыйынтыгы:** Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк укугунун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан теориялык жоболор, тыянактар жана практикалык сунуштамалар ата мекендик конституциялык жана үй-бүлөлүк мыйзамдарды өркүндөтүүдө; тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде; жогорку окуу жайларында окутуу процессинде жана окуу-методикалык куралдарын даярдоодо колдонууга болот.

5. **Кийирүүнүн орду жана убактысы:** Ош мамлекеттик университети, юридика факультети, дареги: И.Раззаков 19А.

6. **Ишке киргизүүнүн формасы:** диссертациянын материалдары 2021-жылдан бери юридика багытындагы дисциплиналар боюнча лекциялык, семинардык сабактарды өткөрүүдө колдлнулду; «Жарандык укук», «үй-бүлө

укугу», «Нотариат», «Конституциялык укук» сабактарынын окуу-методикалык комплекстерин жана жумушчу программаларды иштеп чыгууда колдонулду.

ОшМУнун «Жарандык укук жана процесси»
Кафедрасынын башчысы,
ю.и.к., доцент: Парайдин уулу Ш.

ОшМУнун «Мамлекеттин, укуктун теориясы
жана тарыхы» кафедрасынын
башчысы, ю.и.к., доцент: Татенов М.Б.

Кафедра башчылардын кол тамгаларын тастыктаймын

Кадр бөлүмүнүн башчысы,
п.и.к., доцент: Турдубаева Г.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ